Москванын жана жалпы Орусиянын

Патриархы

КИРИЛЛДИН

Архипастырларга, пастырларга, диакондорго, монахтарга жана

Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына

ПАСХАЛЫК КАЙРЫЛУУСУ

2014-жыл.

КУДАЙДЫН СҮЙҮКТҮҮ ЫЙЫК АРХИПАСТЫРЛАРЫ, УРМАТТУУ ПАСТЫРЛАР ЖАНА ДИАКОНДОР, КУДАЙДЫ СҮЙГӨН ИНОКТОР ЖАНА ИНОКИНЯЛАР, КЫМБАТТУУ АГА-ИНИЛЕР ЖАНА ЭЖЕ-КАРЫНДАШТАР!

Бул жарыяланган жана ыйык күнү, көрүнгөн жана көрүнбөгөн дүйнө (Ыйык Пасха канонун караңыз) жашоонун Баштагычын жана өлүмдү Жеңүүчүнү даңктап жатканда силердин баарыңарды пасханын чакырыгЫ менен чын жүрөктүн куттуктайм:

ХРИСТОС ВОСКРЕСЕ!

ЖыЛдан жылга Кайра жаралуу тууралуу жакшы кабар жаңырып, Кудайды жана Куткаруучуну, өлүмдү өлүм менен басмырлоочуну жана бизди келечекте түбөлүк жашоонун даамын татыргычты даңазалоого чакырат.

Бул майрамдардын майрамын жана салтанаттардын салтанатын майрамдоо менен, биз өзгөчө рухий сезим менен дүйнөнүн Куткаруучусунун кечирүүчү эрдигин, анын кресттүү азаптарын жана жаркын Кайра жаралуусун эстейбиз. Пасха – бул кандайдыр-бир кооз уламыш эмес, теориялык дин окуусу эмес жана өткөн замандарда бекип калган элдик салттарды белгилөө эмес. Бул – христианчылыктын эң түпкү маңызы жана өзөгү. Бул – бизге Кудай тартуулаган жеңиш.

Апостолдордун мезгилинен бери жана бүгүнгө чейин Чиркөө Христтин кайра жаралуусун адамзатынын улуу керемети катарында үйрөтүп келет. Ал ушул керемет тууралуу бир гана Евангелия факты катарында айтпастан, - өзгөчө маанилүү – пасханын жакшы жаңылыгын кабыл алгандардын баары үчүн тагдыр чечүүчү окуя катарында айтып келет. Бул майрам биздин ар бирибизге түздөн-түз байланышы бар, анткени Кудай жасаган Христостун кайра жаралуусу – адам биле турган эң чоң кубаныч. Биздин жашообуз канча татаал болбосун, бизди кандай гана жашоодогу кыйынчылыктар сынабасын, адамдардан биз кандай гана кайгы көрбөйлү жана курчаган дүйнөдө кандай гана кемчиликтер болбосун – булардын баары бизге Кудай тартуулаган рухий кубанычтын, түбөлүк куткаруунун алдында эч нерсеге татыбай калат.

Павел апостолдун сөзү боюнча, өлгөн Христке жан киргизгүүчү бизде жашаган Өзүнүн Руху менен биздин өлүү денелерибизге дагы жан киргизет. (караңыз: РИМ. 8.11).

Христостун Кайра жаралуу ыйык күнүндө миллиондогон динчилдердин жүрөктөрү Жаратуучуга болгон ыраазычылыкка толуп, жана дагы биздин жердеги жаообуз чыныгы мааниге ээ болот. Христостун Пасхасы жашоонун улуу салтанатын, тирүүлүктүн өлүмдү жеңүүсүн, сүйүүнү жана руханий жаңылануунү алып келет.

Пасханы майрамдоо менен биз ар бир жолу өзүбүздүн жашообузда жаңы мезгилди ачабыз, анткени кайра жаралган кудай адамдын табиятын жаңыртат, сыноолордо бекемдейт, жакшы иштерди аткаруу үчүн күч берет.

Дүйнө тарыхынын кийинки жүрүшүн толук өзгөрткөн Пасха жаңылыгы бизди заманбап коомго өтө зарыл болуп турган адептик кайра жаралууга жана руханий жаңыланууга үндөйт. Ал адамдардын баарына христианчылыктын башаттары, ошондой эле “Кудай баарында жана бардык жерде” боло турган, келе жаткан түбөлүк Падышачылык жөнүндө эскертет. (1 Кор. 15,28).

Пасхалык салтанаттардын жаркын күндөрүндө биз туугандарыбыз жана жакындарыбыз менен кубанычыбызды бөлүшүп, аларга чыныгы сүйүү менен кайрымдуулукту көрсөтөбүз. Кылымдар бою ыйык болуп келген жаркын салт ушундай, аны аткаруу менен биз Христтин мурастарына жана Жараткан чынында кайра жаралганына ишеничибизди далилдейбиз.

Мурдагыдай эле азыр дагы Орус Православ Чиркөөсү чын дилинен өзүнүн куткаруучу миссиясын аткарып , чарчабастан Кудайдын чындыгын жар салып, евангелиянын осуяттарынын түбөлүк маанисин бекембеп, тынчтыкка жана ынтымакка чакырып, Москва патриархатынын пастырдык жоопкерчилигинде жашаган элдердин руханий биримдигине кызмат кылып келет.

Бүгүн биздин өзгөчө дубаларыбыз – Россия менен Украинаны элдери тууралуу, каны жана ишеними боюнча ага-инилер жана эже-сиңдилер жөнүндө, жоголгон байланыштарды жана өтө зарыл кызматташууну калыбына келтирүү үчүн.

Акылдан артык болгон Кудайдын сүйүүсүн жар салуу менен, улуттук, маданий жана мамлекеттик чек араларды жеңип өтүү менен, христианчылык адамдарды бириктирет, анткени Христтин жарыгы баарына билим берет (караңыз: Ин.1,90.

Кайра жаралган Кудай биздин баарыбызга жогорку христиандык жоопкерчиликти жана өзүбүздө жана жаныбыздагыларда бекем ишеним, чыныгы сүйүү жана кебелгис үмүт жаратуу милдетибиз жөнүндө унутпай, жердеги жашообузду рух үчүн пайдалуу улантуу берсин. Бул майрамдын кубанычы бизди жакшы иштерге шыктандырып, чайпалып турган жашоо деңизинде чыдамдуулугубузду сактоого, азгырыктар менен кызыгууларга каршы турууга, ыйык Сергий Радонежский айткандай, бул дүйнөнүн жек көрүмчү айырмачылыктарын жеңип өтүүгө эрк жана күч берсин.

Тирүүчүлүктү алып жүрүүчү табыттан жарык чачкан Христтин даңкынын жарыгы биз менен болсун жана биздин жүрөктөрдү тазартсын, жакында жана алыста биздин колдообузга жана жардамыбызга муктаж болгондорго жарыгын чачсын.

Сиздердин баарыңыздарды Ыйык Пасха  улуу майрамы менен куттуктап жатып,сыйынуу менен берекелүү тартууларды, дененин бекемдигин жана Христтин жолундагы жеңиштүү жүрүштөрдө ыйык колдоо болуусун каалайм, Аминь!

МОСКВАНЫН ЖАНА ЖАЛПЫ ОРУСИЯНЫН ПАТРИАРХЫ

Москва,

Христ Пасхасы,

2014-жыл